**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы алдын ала коргоо жыйынынын №21.1**

**ПРОТОКОЛУ**

**12-январь, 2024-жыл Бишкек шаары**

**Катышкандар:**

1. Дюшеева Н.К. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
2. Панкова Т.В. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
3. Абдыкапарова А.О. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.01; 13.00.02
4. Ажибаева А.С. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
5. Акиева Г.С. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
6. Алимбеков А. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
7. Андрущищин И.Ф. пед. илимдеринин доктору 13.00.04
8. Асипова Н.А. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
9. Джанузаков К.Ч. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.04
10. Иманалиев Т.Т. пед. илимдеринин кандидаты 13.00.04
11. Калдыбаева А.Т. пед. илимдеринин доктору 13.00.01
12. Макагонов А.Н. пед. илимдеринин доктору 13.00.04
13. Мамытов А.М. пед. илимдеринин доктору 13.00.04
14. Сартбекова Н.К. пед. илимдеринин доктору 13.00.01

**Кошумча чакырылган адистер:**

Раимкулова А.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор, Бектуров Т.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,

Бузурманкулова Ж.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Иманкулова С.Э. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Аманова Г.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Дюшеева Н.К.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкапарова А.О.

ЖАКтын төрайымынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 15 мүчөсүнөн 14 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 8 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

## КҮН ТАРТИБИ:

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинде 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо**

**Диссертациялык иш** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи: Раимкулова А.С. –** педагогика илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын профессору.

**Төрага:** Диссертациянын негизги мазмунун, жоболорун баяндап берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет (*Докладдын тексти тиркелет*).

**Төрайым:** Азамат Жекшенбаевич,  Сиз скороговорка түрүндө айтып баратасыз го. Бул алдын ала коргоо да. Ушу менен токтойлук. Калганын биз окуп алабыз, авторефератта бар. Диссертация боюнча суроолорунуздар болсо бериниздер. Профессор Абакир Мамытович.

**Төрага:** Доклад бүттү. Суроо бериңиздер. Сөз профессор Абакир Мамытовичке берилет.

**Мамытов А.М. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Азамат Жекшенбаевич айтыңызчы, мектеп билиминдеги Мамлекеттик билим берүү стандарты качан кабыл алынган, кандай түрлөрү көрсөтүлгөн? Компетенциянын түрлөрүн айтыңызчы. Эки топко бөлүп берди эле. Ключевые, предметные деп. Сиз кайсы тарабын карап жатасыз?

**Изденүүчү:** Акыркы мектеп Билим берүү стандарты 2022-жылдын 22-июнунда кабыл алынган. Анда биздин изилдөөбүзгө байланыштуу жогоруда келтирилген стандарттар каралган. Биз предметтик тарабында караганбыз.

**Мамытов А.М.:** Анда экинчи суроом. Мамлекеттик билим берүү стандартында кандай билим берүү аймактары аныкталган, кайсыл аймактын проблемасын Сиз изилдедиңиз?

**Изденүүчү:** Шаардык жана айылдык.

**Мамытов А.М.:** Анда кийинки суроо. Эми сөз окуучунун ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын, жүрүм-турумун калыптандыруу жөнүндө журуп жатат туурабы? Бул статустук мектеп менен жөнөкөй мектептин айырмасы кандай? Эмнеге Сиз статустук мектептерди карап жатасыз? В чем тут проблема?

**Изденүүчү:** Чоң рахмат суроонузга, Абакир Мамытович. Стутустук мектеп менен жөнөкөй мектептин айырмасы бар. Статустук мектептер өздөрүнүн программасын өздөрү түзүп алууга укугу бар. кошумча программларды кошумча сабактарды тузүп алган укук берилген.

**Мамытов А.М.** Кандай мектептерди статустук мектептер деп айтабыз?

**Изденүүчү:** Статустук мектептер деп гимназия, лицейлерди жана жеке менчик мектептерди айтабыз. Алсак, Бишкек шаарында №65 мектеп-гимназия экология багытында иштеген, компьютердик багыттагы мектептер бар.

**Төрайым:** Рахмат, Абакир Мамытович. Дагы суроонуздар барбы? Профессор Акматали Алимбекович.

**Алимбеков А. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Айтыңызчы, экологиялык маданият анан экологиялык компетенттүүлүк түшүнүктөдүн жалпы жана айырмалуу жактары кандай?

**Изденүүчү:** Экологиялык компетенттүүлүк деп инсанда калыптанган экологиялык билимдердин билгичтиктердин жаратылышта башка коомдо пайдаланылышы, ал эми, экологиялык маданият – жандуу жана жансыз жаратылышты өзүнүн бир бөлүгүндөй кабыл алынышы бул экологиялык маданият.

**Төрайым:** Профессор Нуржан Кодоевна, суроонуз барбы?

**Сартбекова Н.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Азамат Жекшенбаевич, Сиздин экинчи милдетинизде "Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана педагогикалык шарттарын аныктоо" деп турат. Сиздин темага үндөш илимий изилдөө буга чейин болду беле? Болсо айырмасы кандай?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, Нуржан Кодоевна. Буга чейин илимий иштер болгон. Алсак, кыргыз окумуштууларынын Маматкан Жетимишович Чоров, Абдыкапарова Айгүл эженин эмгегинде бар, Ильич Темирбек уулунун, Инабат Даминовнаны эмгегинде, Гульнара Усенгазиевнанын кесиптик лицейлерде окуучулардын экологиялыгык компетенттүүлүгүн калыптандыруу, Туйгун Бектуровдун адабий чыгармалар аркылуу компетенттүүлүкту калыптандыруу деген эмгектер

2. Модель болду беле? Болсо айырмачылыгы эмнеде?

**Изденүүчү:** Модель болгон. Туйгун Бектуров агайдын изилдөөсүндө адабият аркылуу окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен биологиялык экологиялык компетенттүлүкту калыптандырууда компоненттери айырмачылык болгон. Бизде окуучулардын дүйнө таанымы жөнүндө айтылган.

**Төрайым:** Дагы суроолор барбы? Кошумча чакырылган коноктор Сиздерде суроолор барбы? Болбосо мен да бир суроо берип коёюн. Айтыңызчы, Азамат Жекшенбаевич, экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруу учурунда кайсы педагогикалык технологияларды колдондунуз?

**Изденүүчү:** Долбоорлоо технологиясын колдондук. Тестик талдоо жүргүзүүнү пайдаландык. Байкоо методун да пайдаландык. Андан тышкары жаңы интерактивдүу технологияларды колдондук, мында окуучулар мугалим менен биргеликте ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандырдык. Мурун жөнөкөй салттуу методдордо мугалим айтып берип, негизги рольдо болсо, интереактивдүү методдордо мугалим окуучулар менен бирге контакка барып, бирге иштешип, окуучуларда өз алдынчалуулук пайда болду. Окуучулар өз алдынча ой жүгүртө алган болду.

**Төрайым:** Түшүнүктүү, баалоо технологияларын колдондунузбу?

**Изденүүчү:** Баалоо технологияларын колдондук. Тест алуудан кийин биз окуучулардын билимин баaладык. Биз интерактивдик методду колдонгондон кийин, окуучулардан тест алуу учурунда алардын биринчи деңгээли менен эксперименттен кийинки абалын бааладык. Сабак учурунда да жүргүздүк. Себеби биздин интеректавдик метод менен салтуу метод учурунда, айырмачылыгы сабак өтүү учурунда окуучулар жаратылыш менен карым-катнашта болуп тесно иштешти. Чынын айтканда шаардын окуучуларында сырткы дүйнөнү көрбөгөн балдар бар экен. Алар жаратылышка чыгып, өз көздөрү менен көрүп, гербарий чогултуп ээ болушту.

**Төрайым:** Кайсыл сабак аркылуу калыптандырдыңыз?

**Изденүүчү:** Жалпы биология сабагы аркылуу биз 9, 10, 11-класстардын балдарына эксперимент жүргүздүк.

**Төрайым:** Түшүнүктүү. Рахмат. Сиз отура берсеңиз болот. Кийинки сөз изденүүчүнүн илимий жетекчиси Раимкулова Ажара Супуровнага берилет. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогика кафедрасынын профессору.

**Раимкулова А.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Рахмат, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү Сиздерди кирип келген жаңы жылдык маанай менен жакшы сөздөрду айткым келет. Ар бир үйүңөрдөн түндүгүңүздөрдөн кут куюлуп турсун ак шооладай, үйүнордүн төрүндө ийгилик, ынтымак, адамзатка тиешелүү нерселер турсун. Эшигиңерден ар дайым дөөлөт кетпей турсун. Бүгүн дагы маанилүү суроолор берилди. Жакшы колдоп атасынар. Диссертациялык иш өкмөт тарабынан дагы колдонулуп, андан кийин статустук мектеп болуп, 2012-жылы Бишкек шаарында башка жерлерде ушул статустук мектептердин тарбия билим берүү жагына көп маани берип атабыз. Анткени мунун билим берүү сапаты менен байланышкан иш-чаралар болуп атат деп ойлойм. Диссертант жөнүндө айтсам, адамзатка тиешелүү жакшы жагымдуу сапаттары бар, ушул эле Ишеналы Арабаев университетинин жаштар бөлүмүн жетектейт. Ошол эле маалда коомдук иштергеменен алек болуп, фейсбукка көп чыгып, анан мен публикацияларды фейсбука жазбай бул жака маани бер деп, кеңеш берип турдум. Колдоп берүүңүздөрдү суранам.

**Төрайым:** Рахмат, Ажара Супуровна. Эксперттик комиссиядан дисскуссияны ачып берүүңүздөрдү суранам. Профессор Канат Чыныбаевич Сиз баштап берсеңиз.

**Джанузаков К.Ч. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор:** Азамат Жекшенбаевичтин диссертациясы менен мен толук таанышып чыктым. Белгилеп кетүүчү несрелер дисертация жазылышы, стили эң жогорку, мактоого татырлык. Башка диссертацияда кездешүүчү стилистик

каталар бул иште аз. Кандайдыр бир жакшы редакциядан өткөн. Бирок биринчи бапта эмгектин россиялык башка чет элдик окумуштуулардын жаштарга экологиялык билим берүү эмгектери жакшы талданган. Аз болсо дагы кыргызстандык окумуштуулардын эмгектери берилген. Бирок биринчи бапта бир илиммий теориялык жактан кемчилик болгон, аны мен биринчи кемчилик катары мүчүлүштүктө көрсөткөм. Жана аны Абакир Мамытович да айтып кетти. Диссертациялык иштин 1-бапында жаңы типтеги мектептердин пайда болуу себептери, заманбап статустук мектептер деп аталышынын мааниси жана алардын айырмаланган өзгөчөлүктөрү, билим берүү программаларынын мазмуну илимий-теориялык жактан жеткиликтүү ачыкталбай калган. Бирок мен муну чоң кемчилик катары көргүм келбейт. Анткени мен өзүм кызыктым, анан өзүм дагы бир топ адабияттарды карап чыктым. Тилекке каршы, четкий определение берген жок экен. Илимий-теориялык, методикалык жактан гимнзаия мындай деп аталат, лицей мындай деп аталат, автордук мектеп мындай деп аталат деген четкий оприеление жок экен. Мына Бишкекте эле жыйырмадан ашык лицейлер, гимнзаиялар, бирок, алардын программалык өзгөчөлүктөрү, же болбосо мугалимдердин даярдыгына жарашабы жаңы програманы киришине жарашабы жок да. Эң жакшы деген 24 мектеп бар экен. Баары окшош. Ким өзүн көрсөтө алган болсо лицей, гимназия деп аталып калган. Статустук мектептин болушунунун илимий-теориялык негиздери четкий определение жок экен, издесе табылышы деле өтө кыйын. Мен ойлойм окумушутуу катары өзүнүн сунушун берсе болмок. Эмгектин баалуугуна келген мына бу экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган педагогикалык шарттарынын аныкталышы, төрт шарты аныкталып, ошонун негизинде ар бир шартты кандай кылып өткөрүш керек, кандай багытта уюштуруш керек, кайсы метод, кайсы принциптерди колдонуу керек деген кезде эмгектин баалуулугу ушунда жатат да. Кемчилиги мында: өзүнүн илимий изилдөө методунун ордуна, экологиялык билим берүүнүн методдоруна басым жасап кеткен. Мен муну көрсөткөм, бирок мен авторефератты карап атып, менин

көрсөткөн кемчилигиме жакшы көңүл бурулбай калганбы деп жатам. Анткени, авторефераттын аягындагы кыргызчасында көрсөтүлгөн кемчилик менен орусчасында көрсөтүлгөн кемчиликте айырма чыгып жатат. Кыргызчасында эң негизги метод көрсөтүлбөй калган. Хотя, илимий-методикалык адабияттарды талдоонун аркасында биринчи бап аябай жакшы жазылган. Бирок бул кемиликтер эмгектин баалуулугун түшүрбөйт. Моделди түзүүдө да кемчилик кетип калган, аны оңдоп-түзөсө болот. Өзгөчө педагогикалык шарттардын берилиши боюнча. Акыркы белгилеп кетүүчү нерсе диссертациянын баптарынын тыянактары мен анын илимдин жалпы кортундуларынын берген кезде, милдеттерге максаттарга жараша так жооп берилбей калган. Редакциялап оңдоп түзөсө иштин баалулуугун жогорулатат. Негизинен бул ишти кабыл алууга болот.

**Төрайым:** Рахмат, Канат Чынынбаевич! Кийинки сөз профессор Токтобек Тыбыновичте. Бирок, кыскача айта кетсеңиз.

**Иманалиев Т.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор:** Урматтуу кесиптештер мен дагы Канат Чыныбаевичке толугу менен кошулам. Мен дагы эксперт катары диссертациялык иш менен толугу менен таанышып чыктым. Ошо менен бирге жакшы жактары менен бирге диссертацияылк иш кемчиликтер менен коштолот экен. Иштин актуалдуулугун күчөтүп коюш керек деп айткам. Дүйнө жүзүндөгү экологиялык маселелер жазылып калган, Кыргызстанда кандай көйгөйлөр бар ошону менен күчөтүп коюш керек деп мүчүлүштүк бергем. Анан кийин Канат Чыныбаевич айткандай изилдөөнүн илимий методдорунда колдонулган методдор толук чечилбей калыптыр, экспериментте көрсөтпөй коюптур. Математикалык-статистикалык эксперимент тизмегинде жок, бирок иште жазылып калган. Дагы бир мүчүлүш катары педагогикалык эксперименттин маңызы дагы толук чечилбей калган. Педагогикалык шарттар аныкталып, модель иштелип чыгыптыр, бирок, педагогикалык экспериментте эмнени тактады?, эмнени аныктады? ошол ачыкталбай калыптыр. Диссертациялык иште экологиялык компетенттүүлүктүн

деңгээлин аныктоонун диагностикалык программасы иштелип чыкты деп берилген. Бирок диссертациянын өзүндө ал программа жок экен. Мен аны да көргөзгөм. Андан сырткары табилциалардын аттары жана башка майда мүчүлүштүктөр бар болчу. Негизги эле, мен иштин максатын анан үчүнчү милдетин кайра карап чыгуунун сунуштаган элем. Себеби алар бири-бирине окшошуп калган. Дагы бир кемчилик катары биринчи үчүнчү кортунудуну кайрадан биринчи үчүнчү милдетке карата иштеп чыгуу керек эле деп мүчүлүштүктөрдү көрсөткөм. Анан киийн мен бул ишти мүчүлүштүктөрдү оңдоп түздөмөйүн сунуштабайм деген, анан кийин бул ишти оңдоп түздөштү. Азыр бул ишти коргоого сунуш кылам.

**Төрайым:** Рахмат, Токтобек Тыбынович. Айнура Жакшымбековна профессор сөз Сизде.

**Ажибаева А.Ж. – педагогика илимдеринин доктору, доцент:** Рахмат. Мен кыскача эле токтолоюн. Диссертациялык иштин актуалдуулугуна жана диссертациялык иште жүргүзүлгөн эмгектер боюнча кененирээк айтып өтүштү. Негизинен бул иш статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык комптенттүүлүктөрүнүн калыптандырууга арналган. Статустук мектептердеги окуу процесстерине жана тарбяилоо процесстерине, анын ичинде окуучулардын жалпы тарбиялоосуна билимге маданиятка деген жалпы ушундай бир маселелерге чоң маанилерге токтолуп баардык натыйжалар алынган. Ошону менен бирдикте эле мен ушул бир нече мүчүлүштүктөргө токтолуп, диссертант менен байланышканымда бүгүнкү күнгө чейин иштеп, кемчиликтерин жоюп келген. Биринчи эле мүчүлүштүк бул адабияттардын тизмеси дал келген эмес. Авторефератта бир сөз берилип, диссертациянын ичинде текстер башка болгон. Адабияттын саны башка болуп келген, ал боюнча өздөрү иштеп келди. Статустук мектептер боюнча өздөрү диссертант аныктама бере алдыыбы деген маселе коюлуп, бүгүнкү күндө статустук мектеп менен жөнөкөй мектептин айырмачылыыг бар беле, болсо кандай? Ушуну да киргизип койгула деген сунуш берилген. Мындан тышкары жаны статустук мектептин окуучуларынын экологиялык

компетенттүүлүгүн калыптандырууда ар кандай формадагы сабактарды уюштуруп келген. Ушул уюштуручулуук иштер формаларына, практикалык маанилүүлугүнө көбүрөк көңүл буруп, диссертацияга киргизип койгула деген сунуш берилген. Башка дагы майда мүчүлүштүктөр бар эле, Азамат Жекшенбаевич иштеп аракет кылды. Мен бул ишти колдойм, коргоого сунушталат.

**Төрайым:** Дискуссияны ачык деп айтуу менен сөз Абакир Мамытовичке берилет.

**Мамытов А.М.:** Урматтуу коллегалар, мен бир катар сунуштарды бергим келип турат. Анткени, мамлекеттик билим берүү стандарты жетишээрлик деңгээлде жетекчиликке алынган эмес деген пикирди карманып турам. Анткени, компетенттүүлүк жөнүндө сөз болуп жатканда алардын түрлөрүнө токтолбосо, кайсыл билим берүү аймагы ушул экологиялык компетенцияга салымы чоң экенин айтпаса, бул окшобой калат деген нерсени белгилеп турам. Компетенттүүлүктү калыптандырып жатканда ошол стандартта калыптаныдуурунун үч деңгээли көрсөтүлгөн репрадуктивдик, продуктивдик анан креативдик. Сиздин ишиңиздин баалуулугу ушул үч деңгээл түзүшү керек. Анан статустук мектеп дискуссия ирээтинде аягында токтоло кетейин. Эми бул мыйзамда көрсөтүлгөн мурдагы мыйзамда, азыркыда жок. Анын окуу планынын анализи керек болчу. Эмнеси менен айырмаланат? Эмне себептен биз ошол мектепте окуган балдардын экологиялык дүйнө таанымын өзгөртүшүбүз керек деген суроого жооп беришибиз керек. Акыркы билимдин өзгөчөлүгү STEM билими, STEM подход деп калдык. Бул межпредметная связь да. Эмнени ушул экология менен байланыштырып жакшынакай өздөштүрсө болот. Ошондуктан методологиялык-теориялык анализге келгенде олуттуу кошумча жумуштуу аткарууну сунуштайм. Бул биринчи. Экинчи. Тема, объект, предметтин арасындагы ич ара байланыш кичине олдоксонураак болуп калгандай. Тема компетенттүүлүктү калыптандыруу, ал эми объект эгерде эксперимент жасап калсак анда жогорку кластар деп жазылган. Сиздин темаңызда баардык

окуучулар жөнүндө сөз болуп жатат. Демек темага конкреттүү жазыш керек болчу, жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүлүктөрүн калыптандыруу деп. Анан кийин изилдөөнүн предметине кайрылсак, педагогикалык шарттар жөнүндө сөз болуп жатат. Төрттү аныктадык деп докладда да бир топ көнүл бурулду. Темада сөз жок, демек менин сунушум да ушул, ички байланышты бекемдөө зарылдыгы бар. Милдетер менен корутундуларды дагы бир жолу тактап чыгууну экспертер айтышты. Мисалы, теориялык-практикалык негиздерге басым жасоону биринчи корутундуга сунуштайм. Ал эми, экинчи кортуундуда педагогикалык шарттар тууралуу таптакыр сөз жок, милдетте айтылганына карабастан. Үчүнчү корутундуда эксперименттин жыйынтыктары жок. Конкретный цифралар менен. Ал эми, автореферат боюнча айтсам, эгерде окумуштуулардын фамилияся көрсөтүлсө, кашанын ичине кайсыл жылы жазылган экенин кошо бериш керек. Андан кийин мына докладды окуган темп. "Сто слов в минуту, одна мысль за час" деп коет. Сөз көп болуп атат. Бир аз жайыраак, салмактуурак айтууну коргоого сунуштайм. Андан кийин дискуссия ирээтинде жумуш аткарылып калды, мыйзам кечээ кабыл алынды. Статустук мектептердин тагдыры кандай болот? Мындан ары уланабы? Же мыйзамдын негизинде жоюлабы? Бул Сиздин күнөө эмес, бирок, ушул суроого дайыма кабатыр болуп жүрүңүз деп айтмакчыным. Рахмат.

**Төрайым:** Рахмат, Абакир Мамытович, профессор Нурбубу Асаналиевна сөз Сизге берилет.

**Асипова Н.А.:** Мен сүйлөбөй эле коеюн дедим эле, бирок диссертация биздин кафедрада аткарылбадыбы. Бирок мына бул жерде статустук мектеп тууралуу биз эки жолу талкуудан өткөрдүк бул ишти. Биринчи талкууда бул иш жөн эле иш талкуусу болуп калды деп, өзү бир топ иштеди. Андан кийин 4 айдан кийин кайра коюлду. Ошол талкулардын баардыгында статустук мектеп деген эмне деп мен бердим, кайра-кайра ушул суроо чыгып жатат. Мына бүгүн да ушул суроо дисскусияны жараткан суроо болуп атат. Менин өзүмдүн жеке пикиримде ошол статустук мектеп – профилдик мектеп деп

ойлоп жатам. Себеби, алардын особый статусу бар. Мунун эксперимент өткөргөн мектеби да экологиялык профилдеги мектеп. Ошого басым жасаш керек деген бир топ ойлорумду айттым. Өзүнө да мына көзү турат, бир топ жардам бердим, стилдик жактан жана башкаларды ордуна койдук. Бирок, иш аткарылып калды, ишти башынан аягына чейин кайра оңдой албайсың, бирок өзү аракетчил, тырышчаак жигит экен. Мен даже өзүм чалдым, ишти алып келбейсинби деп, бирок өзү тырышып, ишти кандайдыр бир деңгээлге жеткирмейинче өзүнө ушундай талапты коет экен дегенди байкап калдым. Мына өзүңөр байкап атасыңар, бир топ проблемалуу суроолор дагы коюлду, Абакир Мамытович айткан, эксперттер айткан кемчиликтерге убакыт бар, ошодуктан ишти колдой берсек болот жана сунуштайт элем.

**Төрайым:** Рахмат, Нурбубу Асаналиевна. Профессор Нуржан Кодоевна.

**Сартбекова Н.К.:** Азыркы айталган баардык ой пикирлерди баалуу деп эсептейм. Кайталоонун кажети жок. Мен публикация боюнча айтайын дегем, 2015-жылдан бери жазып келе жатыптыр, бул жакшы жагы. Анан Азамат Жекшенбаевич эле эмес, бул жерде отурган аспиранттарга да Stady деген сөз бир аз илимийлүү болбой жатат, Resoch деген сөздү колдонсоңуздар. Мен жардам берейин. Ушуга көңүл бөлсөңүздөр. Рахмат.

**Төрайым:** Рахмат, Нуржан Кодоевна. Азамат Жекшенбаевич жазып алдыңызбы? Айтылган сунуштарды, пикирлерди уктуңуздар. Абдан салмактуу сунуштар айтылды. Ошону өзүңүзгө кабыл алып, авторефератты дагы бир жолу карап чыксаңыздар. Дагы суроо барбы? Жок болсо дисскусия процессинде айтылган пикирлерди, эксперттик комиссиянын эксперттеринин корутундаларын эске алуу менен, добуш берүүгө төмөнкү чечимди коем. Диссертация коргоого кабыл алынсын деген сунушка ким макул? Каршы, калыс жок, бир добуштан кабыл алынды. Эми биз жетектөөчү мекемени жана оппоненттерди аныкташыбыз керек.

**Жетектөөчү мекеме** Кыргыз-Түрк “Манас” университети сунушталат,

биринчи расмий оппоненти – Ажыбаева Айнура Жакшымбековна сунушталат педагогика илимдеринин доктору, профессор.

экинчи расмий опоненти – Даминова Инаваткан Даминовна педагогика илимдеринин кандидаты, доцент сунушталат.

Добушка төмөнкү чечимди коем: сунушталган жетектөөчү мекемени жана сунушталаган расмий опоненттерди бекитүүгө ким макул? каршы, калыс жок. Бир добуштан колдоо тапты.

**Төрага:** Дагы сүйлөй тургандар барбы? Эгерде жок болсо, анда диссертация боюнча корутунду кабыл алабыз.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясына карата**

## КОРУТУНДУСУ

**Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Диссертацияда статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин жана жана педагогикалык шарттарын эксперимент аркылуу текшерилип илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы экологиялык көгөйлөрдүн таасиринин негизинде системдүү экологиялык билим берүүнү

өнүктүрүү муктаждыгы келип чыгууда, буга байланыштуу системдүү жана чыгармачыл ой жүгүрткөн, социалдык, экологиялык проблемаларды чечүүгө жарамдуу, экологиялык жактан компттенттүү инсанды калыптандыруу – замандын талабы болууда.

Бир жагынан, ааламдашуунун жалпы европалык жана дүйнөлүк тенденциялары, экинчи жагынан компетенттүүлүккө негизделген мамилени заманбап билим берүү тутумунун негизи катары каралышы учурдагы билим берүү парадигмасынын өзгөрүшүнө алып келди.

Компетенттүү мамилеге негизделген билим берүү парадигмасы акырындык менен заманбап өзгөрүүлөргө ээ болууда, буга байланышкан жаңыланган талаптардын негизинде экологиялык билим жана тарбиянын башкы милдети катары статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана аларды ар түрдүү экологиялык маселелерди жана көйгөйлөрдү чечүүгө даярдоо каралууда.

Илимий адабияттардын жана алдыңкы педагогикалык практиканын талдоосу көрсөткөндөй статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу системасынын бирдиктүү түшүнүгү педагогика илиминде ишке ашкан эмес, ошонун негизинде бир катар азыркы коомдун экологиялык жактан өнүккөн инсанды калыптандырууга болгон муктаждыгы жана билим берүүнүн компетенттүү парадигмасында заманбап адамдын экологиялык жактан жетилүү процессинин педагогикалык компонентин толук иштелип чыкпагандыгы; инсандын экологиялык өнүгүшүндө статустук мектептердин педагогикалык потенциалы жана окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориясы менен практикасынын жетишсиз өнүккөндүгүнө, статустук мектеп окуучуларына сапаттуу экологиялык билим берүү муктаждыгы жана ал мектептерде экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын толук изилденбегендиги диссертацмянын актуалдуулугун далилдейт.

**2. Изилдөөнүн максаты**: статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

**3. Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин талдоо.

2. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана педагогикалык шарттарын аныктоо.

3. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин жана жана педагогикалык шарттарын эксперимент аркылуу текшерүү.

**4. Изилдөөдөн алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** Педагогикалык адабияттарды жана практикалык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде статустук мектептерде жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий негиздери аныкталды. Когнитивдик, керектөөчүлүк-мотивациялык, практикалык-иш аракеттик, эмоционалдык-эрктүү компоненттер менен сунушталган, статустук мектептин жогорку класстын окуучусунун экологиялык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруунун модели иштелип чыкты. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, экспериментте текшерилди.

**5. Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:** статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун моделин иштеп чыгууда жана илимий жактан негиздөөдө; жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун технологиясын программалык-методикалык жактан камсыз кылууда турат.

6. **Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Билим берүү чөйрөсүндө окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык негиздерге жана практикалык мамилелерге анализ студенттердин экологиялык компетенттүүлүгүн натыйжалуу ишке ашыруу жана өнүктүрүү үчүн колдонулган ар кандай теориялык түшүнүктөрдү, методологияларды жана педагогикалык стратегияларды негиздөө жана талдоо болуп санала тургандыгын көрсөттү. Анализдин алкагында негизги теориялык түшүнүктөр жана моделдер, ошондой эле алардын билим берүү практикасында колдонулушун баалоо келтирилген. Окуу материалдарын иштеп чыгууну, интерактивдүү сабактарды өткөрүүнү, долбоордук иш-аракеттерди жана практикалык экологиялык изилдөөлөрдү киргизүүнү камтыган практикалык методикаларды талдоого өзгөчө көңүл бурулду. Бул методдордун натыйжалуулугун талдоо окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга эң натыйжалуу ыкмаларды бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

2. Бул изилдөөнүн алкагында статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык моделди иштеп чыгуу, ошондой эле бул процесске көмөктөшүүчү педагогикалык шарттарды аныктоо милдети коюлган. Биздин изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, статустагы мектеп окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу белгилүү бир педагогикалык шарттарда ийгиликтүү ишке ашырылышы мүмкүн. Бул шарттарга окуучуларды экологиялык иштерге активдүү тартуучу жана алардын экологиялык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү интерактивдүү методдорду колдонуу; экологиялык аспектилерди ар кандай предметтерге жана сабактарга киргизүү аркылуу окуучулардын жаратылыш менен адамдын өз ара байланышы, экологиялык көйгөйлөр жана аларды кантип чечүү керектигин билдирүү; окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн жаратылышты коргоо уюмдары жана адистер менен кызматташуу; ачыктык жана инновация:

заманбап педагогикалык технологияларды, маалыматтык-коммуникациялык каражаттарды колдонуу, окуучулардын экологияны үйрөнүүгө активдүү катышуусу жана көңүлүн буруу кирет. Аныкталган модель экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн фундаменталдуу негизди гана бербестен, окуучулардын экологиялык сабаттуулугун жакшыртууга жана коомдун экологиялык проблемаларын чечүүдө алардын Активдүү ролуна көмөктөшүүчү натыйжалуу билим берүү программаларын иштеп чыгууда колдонуу үчүн потенциалга ээ.

3. Изилдөөнүн методикасы сунушталган педагогикалык шарттарды ишке ашырууга чейин жана андан кийин студенттердин экологиялык аң-сезиминин деңгээлин көп деңгээлдүү талдоону камтыйт. Экология тармагында окуп жаткандардын билимдериндеги, ишенимдериндеги жана көндүмдөрүндөгү маанилүү өзгөрүүлөрдү аныктоо максатында алынган маалыматтарга салыштырмалуу талдоо жүргүзүлөт. Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгү статустук мектептердин окуу процессинде иштелип чыккан методикаларды колдонууга негизделген педагогикалык экспериментти камтыйт. Натыйжаларды баалоо окуудагы жетишкендиктерди талдоо жолу менен жүргүзүлөт, анын ичинде экология проблемаларын андап билүү деңгээли, чечимдерди таба билүү жана экологиялык маанилүү иштерге активдүү катышуу. Изилдөө окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн эффективдүү калыптандырууга көмөктөшүүчү педагогикалык стратегияларды аныктоону камтыйт, бул статус мектептеринин окуучуларынын арасында айлана-чөйрөгө туруктуу мамилени өнүктүрүү үчүн абдан маанилүү.

7. **Изденүүчүнүн жеке салымы.** Изилдөөнүн алкагында изденүүчү изилдөө методдорун тандоого, анкеталарды иштеп чыгууга, маектешүүлөрдү өткөрүүгө жана студенттердин экологиялык компетенттүүлүгүн баалоо методологиясын аныктоо үчүн окуу материалдарын талдоого активдүү катышкан; окуучулардын экологиялык аң-сезиминин жана кызыкчылыктарынын учурдагы деңгээли жөнүндө маалыматтарды

ийгиликтүү чогултууну камсыз кылуу үчүн окуучулар арасында сурамжылоолорду уюштуруу жана өткөрүү, ошондой эле мугалимдер жана мектептердин администрациясы менен өз ара аракеттенүү, экологиялык компетенттүүлүктү калыптандырууга таасир этүүчү негизги тенденцияларды жана маанилүү факторлорду аныктоо үчүн статистикалык ыкмаларды, анын ичинде корреляциялык анализди жана натыйжаларды салыштырмалуу изилдөөнү колдонуу менен чогултулган маалыматтарга талдоо жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруу программаларынын ийгиликтүүлүгүнө байланыштуу конкреттүү тыянактар чыгарылган жана бул жааттагы билим берүү процессин жакшыртуу үчүн сунуштар берилди.

**8. Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**. Изилдөөнүн натыйжаларынын негизги жоболору жана корутундулары Ж. Баласагын атындагы КУУнун Педагогика жогорку мектеп кафедрасынын отурумдарында, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий журналдарда, РИНЦ системасындагы, эксперимент өткөн статустук мектептердин мугалимдеринин кеңешмелеринде талкууланган.

**9. Илимий жыйынтыктын жана изилдөөнүн корутундусунун аныктыгы:** статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин чечүүгө комплекстүү мамиле кылуу менен; изилдөөнүн баштапкы теориялык жоболорунун методологиялык негиздүүлүгү жана ырааттуулугу менен; ар кандай илимий изилдөө методдору жана ыкмалары менен, алардын өз ара байланышы менен камсыздалды.

**10. Диссертациянын негизги мазмуну** төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:

1. Жаштарга экологиялык тарбия берүүнүн илимий негиздери. / Сборник докладов межвузовской научно-практической конференции БГУ им. К. Красаева. – 2015. – 160-162-бб.

2. Курчап турган чөйрө жана жарандардын ден-соолугу. // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2017. – 311-314-бб.

3. Мектеп окуучуларына экологиялык билим берүүдөгү айрым маселелер // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2017. – №1(2). – 87-89-бб.

4. Адам жана жаратылыш мамилеси Ч. Айтматовдун “Ак-Кеме” чыгармасында // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2018. – 1-бөлүк. – 212-214-бб. http://jarchy.arabaev.kg/

5. Компетентсиз коом – экологиялык кризистин негизи // Изветия Вузов Кыргызстана. №3. – 2019. – 69-73-бб.

6. Кыргызстандагы экологиялык аң-сезимдин калыптануусунун заманбап шарттары. // Вестник Кыргызстана. – 2021. – №1(1). – 162-167-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46622418

7. Роль образования и воспитания в формировании экологической культуры. // Бюлетень науки и практик. – 2021. – Т.7. – №5. – 33-34-бб.

8. Многоконфессиональность и духовное образование как важнейшие проблемы национальной безопасности Кыргызстана Springer Link. Moskov-2019. — P. 1167-1176.

9. Адам жана жаратылыш маселелеринин Ч. Айтматовдун “Ак-кеме” чыгармасында чагылдырылышы / А.Ж. Айдаров Айтматов окуулары-2018. Ысык-Көл форуму. – 2018. – 433-436-бб. naskr.kg/ru/2019/06/21/institut-yazyka-i-literatury-im-ch-ajtmatova/

**11. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңеши Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Педагогика илимдери боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы докторлук (кандидиттык) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.
2. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын Жобосунун 10 пунктунун толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана ачык коргоого сунуш кылынсын.
3. **Жетектөөчү мекеме катарында** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин педагогика кафедрасы бекитилсин;

– **биринчи официалдуу оппонен**т катары педагогика илимдеринин доктору, доцент Ажибаева А.Ж.

– **экинчи официалдуу оппонент** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Даминова И. дайындалсын.

**Төрага:** Чечимди кабыл алуу боюнча добуш берүүнүздөрдү суранам: Ким «Макул»? Бардыгы «Макул», «Каршы», «Калыс» – жок. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин жыйынынын отурумун жабык деп жарыялайм.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Дюшеева Н.К.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А.О.**

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин** диссертациясын алдын-ала коргоо боюнча И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн 2024-жылдын 12-январындагы (№21.2 токтому) диссертациялык кеңештин жыйынына

**КЕЛҮҮ БАРАГЫ**

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Окумуштуулук даражасы, адистиктин шифры | Жыйынга келгендиги (колу) |
|---|---|---|---|
| 1. | Дюшеева Назира Кубанычбековна (төрайым) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 2. | Панкова Татьяна Витальевна (төрайымдын орун басары) | п.и.д., 13.00.01 | |
| 3. | Абдыкапарова Айгуль Осмонкуловна (окумуштуу катчы) | п.и.к., 13.00.01 | |
| 4. | Ажибаева Айнура Жакшымбековна | п.и.д., 13.00.01 | онлайн |
| 5. | Акиева Гудьдана Салмоорбековна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 6. | Алимбеков Акматали | п.и.д., 13.00.01 | |
| 7. | Андрущишин Иосиф Францевич | п.и.д., 13.00.04 | онлайн |
| 8. | Асипова Нурбүбү Асаналиевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 9. | Джанузаков Канат Чыныбаевич | п.и.к., 13.00.04 | |
| 10. | Зулуев Бекмырза Бекболотович | п.и.д., 13.00.01 | келген жок |
| 11. | Иманалиев Токтобек Тыбынович | п.и.к., 13.00.04 | |
| 12. | Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | п.и.д., 13.00.01 | |
| 13. | Макагонов Александр Николаевич | п.и.д., 13.00.04 | онлайн |
| 14. | Мамытов Абакир Мамытович | п.и.д., 13.00.04 | |
| 15. | Сартбекова Нуржан Коодоевна | п.и.д., 13.00.01 | |
| | **Кошумча чакырылган адистер** | | |
| | [illegible] Т.М. | п.и.д. 13.00.01 | |
| | [illegible] Ж.М. | к.п.н. 13.00.01 | |
| | [illegible] Ж.А | к.п.н. 13.00.01 | |
| | [illegible] Г.М. | к.п.н. | |
| | [illegible] С.Э. | к.п.н., 13.00.01 | |
| | | | |

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А.О.**

*Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн колун тастыктайм: диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, п.и.к., доц.* *Абдыкапарова А.О.*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ